~~4061-4073~~

~~4061-4073~~ Инв № 147

1. Жсышкы тишиу эпизоду

1-папка


...языка, литературы и истор...
...писей
Инв. № 147
146 стр. 1979 г.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 147
146 сб. 1979 г.
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 4075
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Инв.4061а/дан
көчүрүлдү.№1 рул.
С.Каралаев

## ЧОҢ КАЗАТ ПОЭМАСЫНАН
## "ЖЫЛКЫ ТИЙҮҮ ЭПИЗОДУ"

Түнөрүп жаткан түп Какан
Түзгүрүп айза сунууга.
Түйшүктү тарткан калың эл
Башын азат кылууга
Дагдыр жетсе өлүүгө
Жаткан жапар жалгыздын
Ар жазуусун көрүүгө
Чын кааласа журт үчүн
Алакең чымындай жанды берүүгө
Айза кармап, топ бузуп
Дагдыр жетсе окко учуп
Журт үчүн кызмат кылууга
Алакең кыйкырып айза сунууга
Эрчиткени эр Сыргак
Коштогону Карт күрөң
Карт Күрөң жайын сурасаң
~~Ала кайык~~ ат/~~болгон~~/бычкан
Анык тулпар жаныбар
Чылбыры тутам кал ~~куйрук~~
Чындаган жоого чалдырбай
Чын кырсык мени уралса
Балаа курчап турбаса

Үстүндөгү мингенди
Жаныбар кылайтып жоого алдырбайт.
Түк кырсыкка чалдырбайт.
Коштогону ал болуп,
Бөтөн=бөтөн бел менен,
Бөрү жүрбөс жер менен,
Казылуу жаткан жол менен,
Кайкалаган зоо менен,
Эчен аңгел тоо менен,
Эбегей Албан жол тартып,
Күндүз жүрбөй түн катып,
Алакең жайы момундай,
Ор казып жолду күүлөнүп, күүлөнүп ?
Күздөн Албан сүйлөнүп
Караса көңүл сөгүлөт
Атаганат дүнүйө ~~ээ~~
Бала экенден өскөн жер
Ойноп өсүп кеткен жер,
Көл көзүнө ~~эми кырктан~~ мыктан көрүнөт
Көңүлү санга бөлүнөт
Ай Сары ала ат менен
Кыйгачтаган Алакең
Өрттөнгөн жүрөк шарт менен
Оолугуп Албаң чыдабай

Оозунан тӱтӱн буркурап
Кӧзӱнен оту чыркырап
Кӱӈгӱренди,кӱӱленди
Кӱлӱстӧн Алтаӈ тӱрленди
Ошо жерди эр Алтаӈ
Сары талдан сайдырган
Талын кӧрӱп бир~~егин~~ кейин
Сары алтындан орноткон
Тагын кӧрӱп бир~~егин~~ кейин,
Ордолуу шайык кыймача
~~Жерин кӧр бир канча~~
Жерин кӧрӱп бир канча
Мына ошондо Алакеӈ
Жалындап кӱйӱп токтобой
Астындагы Сары ала
Кулун кезде ойногон
Кудай бетин кӧргӧзбӧ
Мойнун буруп оттобой
Окуранып ич тартып,
Куландай кулак ~~отуруп~~ тайкыйып,
Куюндай жерде Сары ала
Ооздугун кемирип
Кара жерди ~~кемирген~~ тепкилеп,
Мына кайып сындуу Сары ала

Мунун айтайын десе тили жок

Жаныбар бу үстүнде арткан жүгү жок

Мына ошондо Сары ала

Туйк ~~ботип торута~~ кетип барагыв,

Күңгүрөңүп Алман шер

Кызыталак куу жанды

Алакең кыйнап кетти ~~куратат~~ барагыв.

Кара калпак кыргагым

Кагылайын Сыргагым

Айзага таккан желегим

Ак калпак кыргыз оён эл

Жаныма медер болор деп

Жазганбай жоого тиер деп

Сан колдой көргөн керегим

Менин ~~көөнүм~~ көңүлүм жаман бөлүнөт

Бүгүн көргөн эртең жок,

Ич өрттөнүп боорум чок

Ойногон жерди көргөндө

Опат болсун куу жалган

Менин көңүлүм жаман бөлүнүп,

Көзүмдүн жашы төгүлөт,

Эми Сыргак кез болдук

Кечээ шуру тогот марзан таш

Кийип турган кезимде